УДК: 94(5.12)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-618-627

**Койчуманова Ч.У.**
профессор, КРнын УИАнын мүчө-корреспонденти
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик уиверситети
Бишкек ш.
cholpon-777@mail.ru

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖАШТАР САЯСАТЫНЫН НОРМАТИВДИК-УКУКТУК ЖАНА КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИ

**Анотация.** Жаштар – бул өзгөчө социалдык-демографиялык топ, өзүнүн курагынын алкагында коомдук жетилгендиктин калыптануу мезгилин баштан кечирип жаткан, позициясы коомдун социалдык-экономикалык абалы менен аныкталган. Биздин изилдөөлөр өлкөбүздө чыныгы жаштар саясатынын жоктугуна, экономикабыздын кризистик абалына жана ушул жагдайлардан келип чыккан социалдык чөйрөдөгү терс өрүнүштөргө карабастан, жаштар коомубуздун өзгөчө активдүү бөлүгү болуп саналат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Оошондой эле, жаштардын көптөгөн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө жаштардын ишкердиги салым кошуп жатат, анын өнүгүшүнө аймактык билим берүү жана ишкердик борборлору, бизнес-инкубаторлор, бизнести колдоо борборлору ж.б. жардам берүүсү керек.

Олконун келечеги учун, мамлекеттин милдети жакынкы жылдарда эң маанилүү көйгөйлөрдүн бири — жаш муундун көйгөйлөрүн чечүү болуп саналат. Алардын өнүгүшүнөн жана иш менен камсыз болушунан Кыргызстандын гүлдөп өнүккөн мамлекет катары сапаттуу өнүгүшү көз каранды болот. Жаштар өлкөнүн негизги инвестициясы. Ар кандай коомду, ар кандай мамлекетти жаңы орбитага алып чыгууга жөндөмдүү жандуу ресурс. Болгону ушуга көңүл буруш керек, жакынкы аралыкта олуттуу жыйынтыктарга жетишүүнү кааласак, анда жаштар маселесин азыртан ойлонуш керек.

**Негизги сөздөр:** Жаштар саясатты, ,КР Мыйзамдары, социалдык-экономикалык абал, коомдук уюмдар

**Койчуманова Ч.У.**
профессор, член-корреспондент НАН КР
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
cholpon-777@mail.ru

# НОРМАТИВНО-ПРАВОВЫЕ И КОНЦЕПТУАЛЬНЫЕ ОСНОВЫ МОЛОДЕЖНОЙ ПОЛИТИКИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Анотация.** Молодежь – эта особая социально-демографическая группа, переживающая в своих возрастных рамках период становления социальной зрелости, положение которой определено социальноэкономическим состоянием общества. Наши исследования позволяют нам подытожить, что в нашей стране молодежь, несмотря на отсутствие реальной молодежной политики, на кризисное состояние нашей экономики и вытекающих из этих обстоятельств

негативных проявлений в социальной сфере, является чрезвычайно активной частью нашего общества.

В сложившихся условиях одной из основных задач государственных структур, органов местного самоуправления является воспитание молодых людей как активных, неравнодушных членов сообщества, привлекая их не только для проведения каких-то субботников, разовых акций, но и для поиска решений многих проблем сообщества. Необходимо творчески использовать продуктивные характеристики молодежи: мобильность, адаптивность и стремление к новым знаниям. Решению многих социально-экономических проблем молодежи способствует молодежное предпринимательство, развитию которого должны помочь региональные учебно-предпринимательские центры, бизнес-инкубаторы, центры деловой поддержки и др. Ради будущего страны, задача государства заключается в том, чтобы в ближайшие годы были решены самые важные проблемы - проблемы молодого поколения. От их развития и занятости как раз будет зависеть качественное развитие Кыргызстана, как благополучного государства. Молодёжь - это главная инвестиция страны. Живой ресурс, который способен вывести на новую орбиту любое общество, любое государство. Необходимо просто обращать на это свои взоры и если мы хотим получить значительные результаты в ближайшем будущем, то думать о проблематике молодежи нужно уже сейчас.

**Ключевые слова:** Молодежная политика, Законы КР, общественно-экономическое положение, общественные организации

**Koichumanova Ch.U.**
professor, Corresponding Member
of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
cholpon-777@mail

## CONCEPTUAL FOUNDATIONS OF YOUTH POLICY IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Abstract.** Youth is a special socio-demographic group, that is experiencing a period of social maturity within its age frame, whose position is established by the socio-economic condition of the society. Our research enables us to summarize, that the youth in this country, despite the absence of a real youth policy, the recessionary situation of our economy and the resulting negative social manifestations, is an extremely active part of our community.

In the current circumstances, one of the main tasks of state structures, local self-governance organs is to educate young people as active, concerned community members, engaging them not only for some kind of clean-up days, one-off activities, but also to find solutions to many community problems. It is necessary creatively utilize the productive characteristics of young people: mobility, adaptability and the desire for new knowledge. Youth entrepreneurship contributes to solving many of the social and economic problems of young people, regional entrepreneurial training centers are supposed to help develop it, business incubators, business support centers, etc. For the sake of the country's future, the state's job is to ensure that the most important problems are solved in the coming years, problems of the younger generation. Their progress and employment will determine the qualitative development of Kyrgyzstan as a prosperous state. Youth is the country's main investment. Living Resource that can bring any society, any state, into a new orbit. We just need to keep our

attention on it and if we want to get significant results in the near future, we have to think about youth issues now.

**Keywords:** Youth policy, Laws of the Kyrgyz Republic, socio-economic status, social organizations

Биздин республикада жаштар калктын үчтөн бир бөлүгүн түзөт жана өлкөнүн эмгек потенциалынын маанилүү бөлүгүн ээлеп турат. Бүгүн жаштардын баалуулуктары, алардын көз карашы, адеп-ахлагы коомго, коомдун рухий абалына, саясий жана экономикалык процесстерге чоң таасирин тийгизет. Ушуга байланыштуу жаштар саясаты өлкөнүн өнүгүүсүндө маанилүү роль ойнойт.

Эффективдүү мамлекеттик жаштар саясатын туура иштеп чыгуунун маанилүүлүгү заманбап шарттарда жаштардын санынын өсүшү менен шартталып турат. Жаш муундун санынын байкарлык деңгээлде өсүшү боюнча БУУнун документтеринде, жаш муун коомдо болуп жаткан процесстерге таасир этүүчү күчтүү фактор экендеги баса белгиленип турат. Бул документтерде кийинки жүз жылдыктын аягында 30 жашка чейинки курактагы жаштар жер шаарындагыф калктын дээрлик 60 пайызын түзөрү, ал эми 25жашка чейинкилер 50 пайызын түзөт деп айтылат [1, 14-15 бб.]. Так, кооррдинацияланган жаштар саясатын калыптандыруу жана ийгиликтүү практикалык жүзөгө ашыруу дүйнөнүн бардык мамлекеттерин, анын ичинде Кыргызстандын прогрессивдүү, ийгиликтүү өнүгүүсүнүн маанилүү шарты болуп эсептелинет. Ушуга байланыштуу күндүн шашылыш милдети болуп мамлекеттин жаштарды өлкөнүн коомдук өнүгүүсүнүн бардык облустарында прогрессивдүү өзгөрүүлөрдү ишке ашырганга жөндөмдүү башкы күч катары эсептеп, аларга болгон мамилесин өзгөртүү милдети эсептелинет.

Суверендүү Кыргызстандын мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүүнүн негиги этаптарынын бири болуп, негизги документтери Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Эмгек жана Жарандык кодекстер, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Баштапкы кесиптик билим берүү жөнүндө», «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» жана жаштардын жашоосунун көп маселелерине тиешеси бар башка көптөгөн мыйзамдык актылар анын укуктук базасынын калыптанышы болду.

2000-жылдын 27-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде Кыргыз Республикасындагы коомдук жашоодогу өспүрүмдөрдүн, өзүн-өзү өнүктүрүүсү, социалдык калыптануусу, тарбияланышы үчүн укуктук, социалдык-экономикалык шарттарды жана кепилдиктерди түзүүгө, алардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоого багытталган жаштардын мамлекеттик жаштар саясаты мамлекеттин ишмердиги болуп саналарын жарыялаган «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынган. Мыйзамда жаштарды курактык мүнөздөмөлөрдүн жалпылыгынын, социалдык абалынын өзгөчөлүгүнүн, маданиятынын, социализациянын мыйзамченемдүүлүктөрүнүн, коомду тарбиялоонун негизинде бөлүнүп турган социалдык-демографиялык тобу катары аныктама берилген. Ошондой эле 14 жаштан 35 жашка чейинки курактык параметрлер аныкталган.

Мыйзамда жаштардын саламаттыкты сактоосун, жаштардын сергек жашоо образын, рухий, адептик, жарандык, мекенчилдикке жаштарды тарбиялоону жана жаш үй-бүлөлөрдү мамлекеттик колдоону, кесиптик туура багытты кепилдик менен камсыздоону, кесиптик даярдоону, жаштарды ишке орноштурууну, алардын экономикалык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү, жаштарды кепилдиктүү социалдык шарттары менен камсыздоону, жаштарды

маалыматтык тейлөөнү, жаштардын коомго пайдалуу демилгелерин өнүктүрүү жана алардын практика түрүндө жүзөгө ашуусун мамлекеттик бийликтин органдары тарабынан жүзөгө ашырылуучу мамлекеттик жаштардын саясатынын артыкчылыктуу тараптары белгиленип кеткен [2];

Ушул эле жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен 18-июндагы №152- жарлыкта жаштарды өнүктүрүү боюнча «Жаштык» улуттук Программасы бекитилген. Программада «мамлекеттик жаштардын саясаты өз кызыкчылыгы сыяктуу эле коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн бүтүндөй коомду өнүктүрүүнү жөнгө сала турган башкы факторлордун катарында карала турган жаштардын эмгек жана чыгармачыл потенциалын жогорулатууга багытталгандыгы» жарыяланган.

«Жаштык» программасын ишке ашыруу мезгилинде жаштардын иштери боюнча орган тарабынан министрликтер жана ведомстволор менен, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана аймактык түзүмдөр менен, жаштардын Бейөкмөттүк жана Эл аралык уюмдары менен мамлекеттик жаштар саясатынын уюштуруучулук негиздери коюлган жана аны жүзөгө ашыруунун механизмдери иштелип чыккан. Мисалы, аталган программанын конкреттүү жыйынтыктарынын бир болуп, жаштардын иштери боюнча облустуук структураларды жана бир катар жаштардын борборлорунун түзүлүшү, ошондой эле өлкөдөгү жаштар саясатынын нормативдик-укуктук базасынын калыптанышы эсептелет. Бирок, министрликтер, ведомстволор жана жаштардын Бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрүнөн турган жумушчу топтун катышуусу менен болгон «Жаштык» Программасынын жүзөгө ашырылуусунун баалоо мониторингинде «Жаштык» Программасында чагылдырылган программалык чаралар төмөндөгү себептер менен аткарылбагандыгы ачыкталган:

- программадагы макалалардын бүдөмүк жана түшүнүксүз берилүүсү;
- программанын каржылануусунун так эместиги;
- мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашырууга жооптуу борбордук органдын аппаратындагы уюштуруучулук тез-тез алмашуулар ж.б.

Ушул кемчиликтердин негизинде, ошондой эле 2005-жылдын март айында болуп өткөн окуяларга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 14-апрелиндеги №173-Жарлыгы менен 2006-2008-жылдарга жаштардын уюмдарын колдоо, инсандарды өнүктүрүү үчүн укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруу боюнча негизги программалык ишчаралардын уландысы болуп эсептелген «Кыргызстан жаштары» аттуу Улуттук программа бекитилген.

Жогоруда көргөзүлгөн документтерден айырмаланып, бул программада анын максаттары кененирээк жана масштабдуураак берилген, алар жаштардын жарандык аң-сезимин, мекенчилдигин, руханий, маданий, билим берүүчүлүк, кесиптик калыптануусу, физикалык өнүгүүсүн жана жаштардын кыргызстандык коомдун заманбап өзгөрүүсүндөгү активдүү катышуучусу катары, ошондой эле республикадагы жаштардын уюмдарынын иштешине көмөктөшүп, тарбиялоодо укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук шарттарды түзүү боюнча конкреттүү багыттардын жана чаралардын комплексин иштеп чыгып жана ишке ашырууда көрүнүп турат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 14-апрелиндеги №173Жарлыгы менен 2010-жылга чейин бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүү Концепциясында мамлекеттик жаштар саясатын ишке

ашыруунун төрт деңгээли аныкталган: республикалык, аймактык, муниципиалдык, локалдык-территориалдык.

Бирок, бул Концепцияда дагы жаштардын көз карандысыздыгынын, активдүүлүгүнүн концепти каралган эмес, жана «жаштар улуттук-мамлекеттик кызыкчылыктардын объектиси болуп эсептелет» деп белгиленип турат.

2012-жылда жүргүзүлгөн Кыргызстандагы жаштар саясатынын изилдөөлөрүнүн отчетунда белгиленип тургандай, мындай мамиле көп жылдардан бери эле үстөмдүк кылган жана ошол жылдары мамлекет жаштарды өлкөнүн жана өз аймактарынын өнүгүүсүнө жоопкерчилигинин деңгээлинин көтөрүлүүсү үчүн активдүү түрдө тартпастан жаштарга «камкорчу» болууга умтулган [3, 18 б.].

Бирок, белгилүү болгондой жаштар ааламдашкан постиндустриалдык коомдо объекттин гана позициясына, тактап айтканда, мамлекеттин жаштар саясатынын пассивдүүлүгүнө каниет кылбайт. Тескерисинче, саясат сыяктуу коомдун жашоосунуну башка чөйрөлөрүндө өзүнүн субъектүүлүгүнө наразычылыгын активдүү жарыялайт.

Кийинки нормативдик-укуктук документтер бул фактыны эске ала баштаган. Кийинки, 2009-жылдын 31-июнундагы №256 «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» Мыйзамда «өлкөнүн, анын аймактык бүтүндүгүн жана Кыргызстандын маданий иденттүүлүгүн, стабилдүү инновациялык өнүгүүсүн камсыз кылган жаштардын активдүү жарандык позицияларынын жана баалуулук багыттарын калыптандыруу максаты жарыяланган. Мындан тышкары, жаштардын саясатынын маселелеринин бири болуп жаштардын активдүү дараметинин өсүшү катары, аны «мамлекеттин жана коомдун жашоосундагы процесстерге тартуу жана жарандык жоопкерчиликтүүлүккө тарбиялоо» эсептелет [4].

Мыйзамда мамлекеттик жаштар саясаты төмөндөгү негиздерге таянары белгиленген:
1) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүүөзүн-өзү башкаруу органдарынын жеке адамдар жана юридикалык жактар менен өз ара кызматташуусу жана координациялоосу;
2) жаш жарандарды (жаштардын уюмдарын) мамлекеттик органдар жана жергилоиктүү өзүн-өзүбашкаруу органдары тарабынан максаттуу каржылык колдоо көргөзүү;
3) жаш жарандарды (жаштардын уюмдарын) жаш жарандардын укуктарына жанакызыкчылыктарына тиешелүү маселелер боюнча мамлекеттик жана башка программаларды иштеп чыгууга тартуу;
4) өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн бирдей укук жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, ошондой эле эркек жанааялдарды коомдун социалдык-экономикалык, саясий жана маданий жашоосуна тартуу аркылуу коомго пайдалуу демилгелерди стимулдаштыруу;
5) жеке адамдар менен юридикалык жактардын жаштарды (жаштардын уюмдарын) мамлекеттикэмес колдоону ишке ашырууда көмөктөш болуусу;
6) мамлекеттик бийликтин органдарын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын, жекеадамдарды жана юридикалык жактарды баалоо жана мониторинг жүргүзүү.

Жаштардын параметрлери тарыган, ага «жаш жарандар (жаштар) гана- Кыргыз Республикасынын жарандары жана жарандыгы жок 14жаштан 28 жашка чейинки гана киргендиги Бул Мыйзамдын дагы бир артыкчылыгы болуп эсептелген.

Мыйзам ошондой эле жаштардын арасында белгилүү бир топторду аныктаган:

- Активдүү жаштар – бул мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгындагы жеке демилгелердиишке ашырган жаш жарандар (жаштардын уюмдары);

- жаш үй-бүлөөлөр – бул бир туугандыктан жана никеде болгон өз ара түзүлгөн укук жанамилдеттерге ээ, экөө тең, же бирөөсү 28 жаштан аша элек жаш жарандардын чөйрөсү;
- жаш адис – адистиги боюнча эмгек тажырыйбасы 3 жылдан аша элек 28 жашка жете элекжаран;
- жаштардын уюму – ишмердиги жаштардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого, өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө, ошондой эле рухий жана башка талаптарын канааттандырууга багытталган, түзүмдөгү жарандардын 75 пайызын жаштар түзгөн коммерциялык эмес уюм;
- уюштурулбаган жаштар – коомго пайдалуу ишмердүүлүккө тартылбаган, жумуш менен камсызболууда, билим берүүнү жогорулатууда жана жарандык катышуунун башка формаларын жүзөгө ашырууда берилген мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга тартылбаган жаш жарандар;
- жаштардын формалдуу эмес бирикмелери– мыйзамда белгиленген тартипте юридикалык жаккатары каттоодон өтпөгөн, жалпы кызыкчылыктары менен бириккен жаш жарандардын тобу; • таланттуу жаштар– мамлекеттин жана коомдун өнүгүүсүнүн деңгээлин жогорулатуу үчүн пайдаланууга мүмкүн болгон жогорку чыгармачыл, интеллектуалга жана маданий дараметке ээ жаш жарандар;
- жашоодогу кыйын кырдаалдардагы жаш жарандар– бул төмөндөгү себептерди өз алдынча чечеалбай турган жана анын абалы анын жашоосун объективдүү бузуп турган жаш жаран: 1) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендиктен өзүн-өзүн тейлөөгө жөндөмдүү эмес; 2) ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) камкордугу жок же ага көз каранды болгон, мүмкүнчүлүгү чектелген жакын туугандары бар;

3) жакыр үй-бүлө деп эсептелген;
4) эл аралык куралдуу чыр-чатактардын, экологиялык жана теногендик кырсыктардын, табигыйкырсыктардын курмандыгы;
5) качкын же айла жоктон мигрант болгондор;
6) атайын окуу-тарбиялык мекемелердегилер;
7) зомбулук көргөн субъекттер;
8) жазасын өтөп келгенден кийин социалдык адаптиялануу мүмкүнчүлүгү болбогондор

Бирок, «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» Мыйзамдан кийин Стратегия жана Планда калыптанган саясий чечимдерде «2015-жылга чейинки жаштар саясатынын мамлекеттик стратегиясында» негизги аткаруучулары катары жалаң гана мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары көргөзүлгөн. Анда улуттук деңгээлдеги башкаруунун мамлекеттик органдары беш министрлик жана бир агентство (Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги, Ички иштер министрлиги, Дене тарбия жана спорт) менен чектелген. Ошол эле убакта жаштар саясатын мамлекеттик деңгээлде ишке ашыруунун катышуучулары болуп Өкмөттүн башка түзүмдөрү дагы катышуусу керектиги айкын.

Мыйзамдагы улуттук саясатты ишке ашыруу үчүн ресурс маселесинде, Мамлекеттик жаштар саясаты төмөндөгүлөрдүн эсебинен каржыланары айтылат:

1) мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашырууга катышуу үчүн каралган республикалык бюджеттин жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен; 2) жеке адамдардын жана юрикалык жактардын ыктыярдуу салымы менен;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келбей турган башка булактардын эсебинен

Ошол эле убакта Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинен башка, бир дагы бөлүм жаштар саясатын ишке ашыруу үчүн өз бюджетине чыгымдарды киргизбейт, ал эми аталган министрликтин сарптаган чыгымдары албетте жемиштүү жыйынтыкка жетүү үчүн жетишсиз.

Андан ары Мыйзам мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруунун чегинде жаштардын демилгелерин каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мамлекеттик социалдык тапшырык аркылуу ишке ашырылышы керектигин белгилейт. Бирок, тилекке каршы, Кыргыз Республикасындагы жаштардын демилгесине тиешелүү социалдык тапшырыктын механизми азырынча иштей элек.

Мындан тышкары, Мыйзамда жаштардын демилгелерин, активдүү жана таланттуу жаштарды мамлекеттик каржылык колдоо көргөзүү максатында жаштардын демилгелерин колдоо Республикалык фондун (мындан ары- фонд) түзүү каралат. Фонддун ишмердүүлүгүн калыптандыруу тартиби Өкмөт тарабынан аныкталат. Фонддун калыптанышынын булагы болуп республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттары, ыктыярдуу салымдар, кайрымдуулук жардамдар жана Кыргыз Ремпубликасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар эсептелет. Бирок, Фонддуу түзүү маселеси азыркы күнгө чейин чечиле элек.

Жаштардын саясатына тиешелүү акыркы нормативдик документтердин бири болуп жаштардын ар тараптуу өнүгүүсү жана өзүн-өзү өнүктүрүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө, жаштардын мамлекеттик жана муниципиалдык кызматтарга бирдей мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу процессинде жаштардын катышуусун кеңейтүүгө жана жаштардын чөйрөсүн башкаруунун эффективдүү системасын жогорулатууга багытталган төрт приоритет алдыга коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2017-жылдын 10августунда бекитилген №471- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Жаштар саясатын 20172020-жылдары өнүктүрүү» Программасы эсептелет.

Бул жана башка программаларды ишке ашыруу үчүн стратегиялык документ болуп эсептелген, Кыргыз Республикасынын алдында турган жаштарды өнүктүрүүгө, жаштарга тиешелүү мамлекеттик саясаттын максаттарын, приоритеттерин, куралдарын аныктоого болгон чакырыктарга жооп бере турган 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясы иштелип чыккан.

"Концепция жаштарды коомду өзгөртүүнүн активдүү субъектиси катары, өлкөнүн өнүгүүсүнүн жана лидерлигинин драйвери катары, ошондой эле социалдашуунун объектиси, экономикалык өсүштүн баалуу кадрдык ресурсу катары жана муундардын бакубаттуулугун камсыз кылуучу ресурс катары карайт. Жаш жарандын жеке инсандыгынын өнүгүшү, анын позитивдүү дүйнө таанымын жана талап кылынган компетенцияларын калыптандыруу башкы артыкчылыктар катары таанылат" [5].

Ошентип, көз карандысыздыктын бүткүл мезгилинде өлкөбүздө көптөгөн нормативдик, стратегиялык документтер кабыл алынган, бирок аларды аткаруунун натыйжалуулугу азырынча өтө төмөн деңгээлде калууда.

Балким, бул көбүрөөк деңгээлде тийиштүү мамлекеттик түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу болушу мүмкүн.

Узак убакыт бою алар түзүлүп, кайра уюштурулуп, өзгөртүлүп келген. Алсак, 2004-жылы Туризм, Спорт жана жаштар иштери боюнча Мамлекеттик комитеттин алдында Жаштар иштери боюнча департамент түзүлгөн, ал 2005-жылы Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Жаштар иштери боюнча департамент болуп калган. 2007-жылы бул Департамент Дене тарбия, спорт, жаштардын иштери жана балдарды

коргоо боюнча мамлекеттик агенттикке, ал эми 2009-жылы жоюлуп, анын функциялары Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигине которулган.

2010-жылдагы окуялардан кийин Эмгек, жаштар жана миграция министрлиги түзүлүп, анын маанилүү милдеттеринин бири болуп мамлекеттик жаштар саясатын иштеп чыгуу болгон. Бирок, анын мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүү жаатындагы иши 2015-жылы канааттандыраарлык эмес деп табылып, аталган мамлекеттик орган жоюлган.

Жаштар иштери боюнча ыйгарым укуктар жарым-жартылай Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигине, ошондой эле Билим берүү жана илим министрлигине берилген. Бирок 2017-жылдын 18-июлунан баштап Кыргыз Республикасынын премьер-министринин буйругу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери боюнча Кеңештин ишмердүүлүгү кайрадан жандана баштаган. Кеңеш жөнүндө жобо 2006-жылдын 17-мартында (3173) Республиканын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилип, андан кийин ал 2017-жылдын 15майында №280 өкмөттүн токтомунун редакциясында бекитилген. Аталган Кеңеш мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук бирикмелердин конструктивдүү жана координацияланган ишин камсыз кылуу максатында түзүлгөн. Ал мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук, жаштар жана жаштарды өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдардын ортосундагы өз ара мамилелерди чыңдоо жана кеңейтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда маанилүү ролду ойноого чакырылган.

Азыркы учурда анын функциялары Кыргыз Республикасынын Маданият, Маалымат, Спорт жана жаштар саясаты министрлигинин карамагына өткөрүлүп берилген. Саясий чечимдердин, концепциялардын жана стратегиялардын аткарылбай калышынын башка негизги себептеринин катарында саясаттын начар иштелип чыгуусу, тиешелүү мамлекеттик түзүмдөрдүн начар координациясы, мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттердин өтө жетишсиз финансылык мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу себептерди атоого болот.

Биринчиден, Кыргызстанда азыркы учурда жаштарга карата мамлекеттин позициясын аныктаган колдонуудагы программалык документ жок экендигин моюнга алуу керек [6]. Ошол эле учурда, мамлекет гана көзөмөлдөө жүргүзүп, башчылык кылып макулдашуу аркылуу жана бардык катышуучулардын кызыкчылыктарын эске алуу менен, бардыгына тиешелүү болгон жалпы иш-аракеттердин талаасын түзүп жана оюндун эрежесин бериши керек. Мына ушул жаштар саясатынын ролу болуп саналат -бул компромисс бири-бирин түшүнүү, макулдашуу искусствосу, сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүү жана жалпы эрежелерди жана нормаларды түзө билүү.

Бул планда, биздин оюбузча натыйжалуу, эффективдүү жаштар саясатын калыптандырууга белгилүү бир салым кошо ала турган сунуштар коюлуп жатат.

Биринчиден, биздин жаштарыбыз ар кандай социалдык, маданий, экономикалык жана аймактык шарттарда жашаарын түшүнүшүбүз керек. Демек, жаштар саясаты ар бир регионго карата өзүнүн спецификалык мүнөзүнө ээ болууга тийиш. Шаардын жана айылдын жаштарынын принципиалдуу айырмачылыктары, мүмкүнчүлүктөрү жана талаптары бар экени жашыруун эмес. Мындан тышкары, биздин өлкөдө социалдык жактан аярлуу катмарларга кирген жаштар жашайт, өнүгүүсүндө мүмкүнчүлүгү чектелген жаштар бар ж.б. Ал ошондой эле жынысы боюнча да айырмаланат: кыздардын мүмкүнчүлүктөрү жана потенциалдары уландарга караганда башка. Биздин оюбузча, жаштар саясатын айрым топторго ылайык бөлүүгө убакыт келди.

Мындан тышкары, бүгүнкү күндө жаштардын жаңы, бирдиктүү концепциясын түзүү маселеси курч турат, мында мамлекеттик чиновниктердин эмес, эксперттик топтун, анын ичинде: тарыхчылардан, саясат таануучулардан, психологдордон, социологдордон, медиктерден, демографтардан, антропологдордон турган адистердин иш-аракеттеринин жыйынтыгы болушу зарыл. Ошол эле учурда, баарынан мурда, биз бүгүнкү күндө болуп жаткан процесстерде жаштардын ролун жакшыраак түшүнүүгө гана эмес, калктын ушул категорияга карата саясатты натыйжалуу курушуна мүмкүндүк бере турган, колдонмо, практикалык мааниге ээ болгон тыянактар менен сунуштарга кызыгышыбыз керек.

Мамлекеттик жаштар саясатынын негизги багыты жаштардын айрым топторунун коомдогу маргиналдуу абалынан материалдык жана моралдык жоготууларын компенсациялоочу жана белгилүү бир социалдык кепилдиктерди камсыз кылуучу чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу гана эмес, ошондой эле өзүнүн жана коомдун жыргалчылыгы үчүн анын өз алдынча өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган иш-аракеттер да болушу керек. Жаштардын жеке, анын ичинде чыгармачылык потенциалын ишке ашыруу үчүн негиз катары чыгып, анын алкагында коомдук мамилелердин, адеп-ахлактык ченемдердин жана баалуулуктардын системасын өнүктүрүүгө жана колдоого мүмкүн болгон жашоо образын ийгиликтүү куруу үчүн жаш адамдын өз алдынча, жоопкерчиликтүү, социалдык жактан жетилген инсандыгын калыптандырууга түздөн-түз таасир эткен жаштардын социалдык активдүүлүгүн калыптандыруу зарыл.

Албетте, жаштар - бул коомдун башкы ресурсу, бул анын келечеги экенин баары моюнга алышат. Бирок, эгерде коом жана мамлекеттик бийлик аны өзгөчө колдоосуз калтырса, ал өз максатын аткара албастыгын моюнга алып, так түшүнүү керек. Мындай зарылчылык коомдогу жаштардын социалдык статусунун өзгөчөлүктөрү менен шартталган. Жаштар социалдык топ катары жашоонун башталышында, биринчи кезекте жумушка орношууда өзгөчө кыйынчылыктарды башынан өткөргөндүгү менен айырмаланат, жаштарда турак-жай жана материалдык көйгөйлөр курч турат. Көптөгөн эл аралык документтерде, докладдарда жана илимий изилдөөлөрдө дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө жаштар коомдун эң аялуу тобу катары таанылаары баса белгиленет. Бирок, экинчи жагынан, бул- коомдун эң активдүү бөлүгү. Ошондуктан, негизги мамлекеттик позиция болуп, жаштардын көз каранды позицияларын кайра чыгаруу эмес, ишмердүү жана активдүү жаранды калыптандыруу, ал үчүн өзүн-өзү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн түзүү болушу керек. Бирок, Кыргызстандын шартында жаштар саясаты кандай болушу керек деген суроо азырынча ачык бойдон калууда.

Ошентип, Кыргызстанда көз карандысыздыктын бүткүл мезгилинде жүзөгө ашырылып жаткан жаштар саясатын талдоо, аны ишке ашыруунун натыйжалуулугу азырынча төмөн деңгээлде калып жаткандыгын айгинелейт. Келтирилген фактылар көрсөткөндөй, буга байланыштуу жаштар саясатын калыптандырууда жана башкарууда стандарттуу эмес чечимдер зарыл.

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Георгиенко В.М. Жаштар саясаты ЕССЕ ООН – Москва. – 2020, – 14-15-б.
2. «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» 2000-жылдын 27-ноябрындагы №46- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/451 3. Молодежная политика в Кыргызстане.Отчет о результатах исследования, – Бишкек – 2012. – 18-б.

4. «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» 2009 жылдын 31-июлундагы №256. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы
5. 2020-2030- жылдарга жаштар саясатынын Концепциясы/Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18- октябрындагы №562- токтомуна тиркеме // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/157204
6. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн Концепциясы/Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген: 2006-жылдын 31-июлундагы №256

**Рецензент: доктор исторических наук, профессор Усупова Н.С.**